**УДК: 373.2**

***Иманалиева Р., Аман кызы Б.***
*Иманалиева Роза – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Аман кызы Бакытгүл – п.и.к., доцент, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ЖОМОК ЖАНА АНЫ ОКУТУУ

# СКАЗКА И ИХ ОБУЧЕНИЕ

# TALE AND THEIR TRAINING

***Аннотация:*** *Макалада элдик оозеки чыгармачылыктагы жомок жанрынын жаралышы, өзгөчөлүктөрү жана баалуулуктары туурасында сөз болот. Аны окутуунун артыкчылыктары каралат.*

***Аннотация***: *В статье говорится о зарождении, особенностях и значении жанра сказки в народном творчестве. Рассмотрены преимущества его обучения.*

***Summary:*** *The article talks about the origin, features and significance of the fairy tale genre in folk art. The advantages of his training are considered.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *жомок, көркөмдүк каражаттары, окутуунун жолдору, адабий өзгөчөлүктөрү*

***Ключевые слова:*** *сказка, художественные средства, методы преподавания, литературные особенности*

***Key words :*** *fairy tale, artistic media, teaching methods, literary features*

Кыргыз эли байыртадан көчмөн турмушунда элдик оозеки чыгармачылыктын ар түрдүү жанрларын оозеки түрдө өнүктүрүп келген уңгулуу улут болгон. Андыктан руханий дүйнөсү менен бай, күчтүү, чечен сөздүү, касиеттүү элдердин катарын толуктайт. Жомок жанрынын жаралуу табияты, мааниси жана идеясы боюнча дүйнө элдеринде да жалпылык бар.

Элдик оозеки чыгармачылыкта ар кандай табигый кубулуштарды, жаратылышты жана турмуштук көрүнүштөрдү окуя, мүнөз, элес аркылуу баяндоо ыкмасы менен туюндуруп келген көркөм форма жомок болуп эсептелет. Мунун эквиваленти – эпикалык жанр. Мындайча айтканда, жомок менен эпикалык чыгармачылык, бирдей эле түшүнүк. Балдар фольклоруна жомоктун бардык жанрдык түрлөрү – уламыш, болмуш, тамсил, жөө жомок, дастандар түз жана кыйыр түрдө тиешелүү [4, 73-б.].

Учурда ааламдашуу мезгилинде илим менен техниканын жана интернет системасынын күн санап өсүп-өнүгүүсү адамдардын акыл эсин компьютердик системадагы укмуштуудай программаларга бурулууда. Анын натыйжасында окуучулардын, жаштардын, дегеле адамдардын китеп окууга болгон кызыгуусун жокко чыгарып келе жаткандыгы жашыруун эмес. Ошондой дүйнөлүк өзгөрүүлөргө карабастан алардагы баалуулуктарды калыптандыруу жана өнүктүрүү максатында окутуудагы негизги маселелердин бири китеп окуу маданиятына тартуу жана көнүктүрүү болуп эсептелет. Мектеп программасында окулган тигил же бул акын-жазуучулардын чыгармалары аркылуу алардын фантазиясын өстүрүү, эстетикалык табитин жогорулатуу, элдик идеалдагы моралдык принциптер, адеп-ахлактык баалуулуктар менен тарбиялоо – мезгил талабы.

Жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарынан тарта элдик жомоктор класс жана жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша берилип отурат. Улуттун идеялары камтылган бул жанрлар балдарды оң сапаттарга жол көрсөткөн педагогикалык тарбиянын ар түрдүү багыттарын камтыган чыгарма болуп эсептелет. Улам өзгөрүүгө туш болуп турган замандын балдары үчүн окуу китептеринин материалдары жомоктордон башталып, балдардын эмоционалдык-психологиялык жактан туура тарбияланышына, сылык, ыймандуу болушуна өз таасирин тийгизип турган. Мектептерде жомокторду окутуу балдардын сөз байлыктарын өстүрүүгө өзгөчө шарт түзөт. Алар аркылуу башталгыч класстарда адабий билим берүүнүн алгачкы түшүнүктөрүн камтыган жомоктор балдардын дүйнө-таанымын, аңсезимин, сынчыл ой жүгүртүүсүнүн өрчүшүнө таасир берет. Жомокторду окутууга карата көптөгөн жаны технологиялар жана дидактикалык оюндардын жүздөгөн түрлөрүн окумуштуу-педагогдор иштеп чыгып, мектеп практикасына сунуш кылышты. Чындыгында жомокторду .окутуу аркылуу окуучунун жан дүйнөсүнө кирип, түбү жок ойлорду пайда кылып өтүү үчүн мугалимден ар тараптуу чыгармачылыкты жана изденүүнү талап кылат. Себеби, сабактын өзү түмөн түйшүктүү, энергияны сарптайт.

Жомоктор илгертеден эл арасында ооздон- оозго оозеки формада айтылып келгендиги ар тараптуу иликтөөлөрдө айтылып келет. Ал улуттун маданиятынын бир бөлүгү болуп эсептелет. Жазма адабияттын пайда болушу, калыптанышы менен айрым акын-жазуучулар элдик жомокторду кайра иштеп чыгышса, кээ бир авторлор өздөрү жомок чыгарып, балдар адабиятын байытууга салым кошуп келишүүдө.

Башталгыч класста адабий чыгармаларды окутуу проблемасына байланышкан бир катар методисттердин эмгектеринде теориялык жана практикалык жактан изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Айрым учурларда алар балдар үчүн өздөрүнүн автордук жомокторун жазып окуу китептерине сунуштап келишүүдө. Педагог – окумуштуулар С.К.Рысбаев, А. Муратов, Б.А.Абдулхамидова, С.С.Сакиева, А.Д.Токтомаметов, Ж. Шербаева жана башкалар жомокту окутуу боюнча кыргыз педагогикасында өзгөчө багыт бар экендигин көңүлгө алышты.

Жомокторду окутууга карата сабактын жүрүшүндө алгач мугалим окуучуларга мээ чабуулу, муз жаргыч, ысык картошка сыяктуу көңүлдүү момент уюштуруп анан баштаганы жакшы натыйжасын берет. Ушуга удаа эле сабакта эмне жөнүндө сөз боло тургандыгы жөнүндө кабардар кылып кетүүгө болот. Айталы, башталгыч класстын 4-классында өтүлүүчү «Акылдын күчү» жомогун жашоо-турмуш менен байланышта карап көрөлү. Жомокту өтүү алында мугалим окуучуларга төмөндөгүдөй суроолору берет:

1. Жомок кандай чыгарма?
2. Кандай жомоктун түрлөрүн билесиңер?
3. Бул убакка чейин жомок окуп, же улуу адамдардан уктуңар беле?

4. Жомоктор аркылуу биз турмуштук үлгүлөрдү алсак болобу? ж.б

Жогорудагыдай суроолорго окуучулар тараптан ар түрдүү жооптор алынган соң, «Акылдын күчү» жомогун мугалим көркөм, так жана үн кубултуп окуп берүүсү керек. Жомокко көңүл бурабыз.

**«Акылдын күчү»**

Илгери өткөн заманда Муса деген хан болуптур. Анын Садыр деген увазири бар экен. Бир күнү увазир ханга кайрылып: – Ханда кырк адамдын акылы болот дейт. Андай болгондо доочунун доосун, талаш-тартыштын чуусун чечүүнү эмне үчүн бизге жүктөйсүз, өзүңүз эле бүтүрө бербейсизби? Эмне үчүн бизге акыл саласыз? – деп сураптыр. Ошондо хан. – Ооба, сенин айтканың туура. Бирок шаардын сыртында Акылбай деген чал бар, ошол чалда кырк хандын акылы бар, ошону мында конокко чакырып кел, – дептир. Садыр Акылбек чалды ханга мейманга чакырып алып келет. Хан чалга тамагын жайнатат. Экөө кез-кез сүйлөшө калышат. Аларды карап отурган увазир өз ичинен: «Мунусу жети урууну бийлеген хан, тигиниси бир бечара чал. Анан анда кандай касиет болмок эле», – деп ойлонуп отурат. Бир кезде хан чалга кайрылып: – Карыя, мен эртең менен эрте сизге бир куш жиберем, ошол куштун эки канатын жулуп тазалап кайра коё бер, – деди. Увазир бул сөздө кандай маани бар экендигин түшүнгөн жок. Анда карыя ханга айтты: – Ханым, бешке бирди кошуп алтоо кылып керели кечке алтын соксом да, отуз экиге жеткире албай жүрөм, – деди. Ошентип, оокатын жегенден кийин хан: – Чалга барып конок болуп кел, – дейт. Макул болуп, чалдын үйүнө келет. Чалдын үйү жаман алачык экен, туш-тушунан шамал арылдап кирип турат. Чал үстү-башы көө болгон нанын алдына коёт. Бир убакта увазир Акылбек чалга: – Сизге бир суроом бар эле, – дейт. Чал кулагын тосот. Ошондо увазир: – Кечээ сизге хан: «Таң эрте сизге бир куш жиберем, ошол куштун эки канатын жулуп тазалап туруп жибер» деди, ошого түшүнө албай калдым, – деди. Ошондо чал айтты: – Балам, мен бир бечара кедеймин. Бир баштык алтын берсең, анын жообун аласың, биз ошону менен күн көрүп келе жатабыз, – деди. Увазир бир баштык алтын берди. Экинчи жолу чалга кайрылып: – Дагы бир суроом бар, – дегенде чал айтты: – Сурай бер, балам. – Кечээ сиз ханга «Бешке бирди кошуп, алты кылып, эртеден кечке алтын согуп, отуз экиге жеткире албай жүрөм», – деп айткан сөзүңүзгө да түшүнбөй калдым. – Ээ, балам, мен кедей адаммын, жолдугун жасап, бир баштык алтын берсең, айтып берем, – деди. Увазир дагы бир баштык алтынын берди. Ошондо кырк хандын акылы бар чал: – Балам, муна бу колум канча?, – деп колунун манжаларын көрсөттү. Увазир: – Беш, – деди. – Бешке бир балканы кошсо канча болот? Алты болот. Эмесе анын: керели кечке ушул алтоо менен иштеп тапканым ичип жегениме да жетпейт дегеним эле», – деди ал. Эми хандын: «Таң эрте бир куш жиберем, эки канатын жулуп, тазалап, кайра коё бер» дегени мындай куш сенсиң, эки чөнтөгүңдү тазалап, алтыныңды албадымбы? Эми кайтып кете берсең жолуң ачык, – деп акылсыз увазирди жолуна салат. Увазир ошондо гана акылдын күчүнө ишенген экен [3, 47-б.].

Окуучунун жомоктор менен таанышып жаткан учурунда, алардын жанрдык табиятын туура өздөштүрүүсү жана терең кабыл алуусу мугалимдин түшүндүрүүсүнөн көз каранды. Мугалим жомок жанрындагы чыгарманы балдарга ачып берүүдө, андагы окуяларга тереңден сүңгүп кирип, маани бергени жыйынтыгында жакшы көрсөткүчтөргө жеткирмекчи.

Жомокту өтүп жатканда окуучулардын көңүлү эл арасында байкалбай жүргөн жаш баланын ата-энесин, мекенин, эли – журтун сүйгөндүгүнө, алардын ак сүтүн, ата-энелик мээримин актоого жасаган демилгесине, жаратылыштын белгисиз сырларын баш ийдире билген жөндөмүнө, тайманбас туруктуулугуна буруу керек [1, 14-15-б.].

Текст окулуп бүткөн соң, мугалим окуучуларга бышыктоо ирээтинде жомокто кандай окуя болгондугу жөнүндө суроо узатат.

1. Балдар жомок силерге эмнеси менен жакты?
2. Жомоктогу Муса хан жана Акылбай чал чындыгында акылдуу адамдар бекен?
3. Жомоктордо хандардын бардыгы эле акылуу болобу?
4. Садыр аттуу увазир эмнеге таң калды?
5. Кандай адамдарды акылдуу деп эсептейбиз?
6. Бул жомоктон кандай үлгү алсак болот? Ж.б

Окуучуларга жомок жеткиликтүү жана түшүнүктүү болуу үчүн сөздүктөр менен иштөөнү колго алсак болот. Анда жомокто кездешкен, түшүнүүгө татаалдыкты пайда кылган айрым сөздөрдү, сөз айкаштарын дептерлерге жазуу жумуштарын аткаруу ылайыктуу.

**Сөздүк түзүү иши**

1. Талаш-тартыштын чуусу
2. Доочунун доосу
3. Кырк хандын акылы
4. Отуз экиге жетпөө

Жогорудагы сөздөр жазылып, мугалим тараптан жеткиликтүү түшүндүрүлүп берилет. Жомоктор балдардын эң сүйүктүү чыгармалары болгондуктан, мугалим өткөн ар бир жомокту терең талдап түшүндүрүп берүүсү максатка ылайык жана практикада кездештирип келебиз. Ошону менен катар алардын окурмандык кызыгууларын жогорулатып, китеп окуу маданиятын калыптоодо жомоктордун мүмкүнчүлүгү чоң.

Өтүлгөн жомоктогу каармандардын өзгөчөлүктөрүн, башкача айтканда окшоштуктарын жана айырмачылыктарын так ажыратуу үчүн «Вендин диаграммасын» колдонуу жакшы жыйынтыкка жол ачат. Ал кандай ыкма жана ал аркылуу окуучулар эмнеге жетише алат?

**Окуучу:**

- Маселени, түшүнүктөрдү салыштырат, талдай алат;
- Салыштырылып жаткан түшүнүк менен кубулуштардын өзгөчөлүктөрүн, окшоштуктарын аныктайт;
- Логикалык ой жүгүртүүсү өнүгөт;

**Жүзөгө ашыруу кадамдары:**

1-кадам.

Салыштырыла турган түшүнүктөрдү аныкташат, алардын аталышын тегерекченин эки бөлүгүнө тема катары жазып коюшат

2- кадам.

Бул түшүнүктөрдү салыштыруунун 3-4 параметрин аныкташат

3- кадам.

Аныкталган параметрлер боюнча салыштырылып жаткан түшүнүктөргө тиешелүү өзгөчөлүктөрдү ар бир тегерекчеге өзүнчө, ал эми экөөнө тең тиешелүү окшоштукту, жалпылыктарды эки тегерекченин ортосуна жазышат [2, 249-б.].

Жомокторду туура жана жеткиликтүү окутуу менен балдарга кандай гана оор, кыйын нерсе болбосун тоскоолдукту эрктүүлүк менен жеңүү керектигин, туура жүрүү, адал эмгек адамды бакытка бөлөөрү анык экендигине ынандыра алабыз. Тээ байыртан эле ата бабаларыбыз жашоонун үлгүлүү жактарын сиңирип алып, муундан- муунга аны мурас катары берип келген.

Балдарда жыл сайын патриоттук сезимдер жокко эсе болууда. Алардан Ата Мекен үчүн күйүп-жанууга даяр турган муун бара-бара азайып бараткандай таасир калтырат. Ошондуктан адабий окуу сабагынан мугалимдер өтүлүп жаткан сабактары аркылуу Ата Мекенди сүйүүчүлөрдү, кыргыз патриотторун даярдоонун үстүндө иштешибиз көңүлгө аларлык негизги маселе болуп эсептелет. Ушул өңүттөн алып караганда, адабий окуу сабагы, анын ичинде жомок жана тамсил чыгармаларын окутуу-окуучулардын эстетикалык табитин арттырууда, рухий дүйнөсүн байытууда, ыймандуулукка, патриоттуулукка жана эмгекке тарбиялоодо, эне тилине, мекенине, элине болгон сүйүүсүн өнүктүрүүдө өзгөчө маанилүү предмет экендиги талашсыз

Жомоктор кайсы бир элдин оозеки чыгармачылык казынасынан бекем орун алган, тарбиялоонун көп кылымдык тажрыйбаларын өзүнө сиңирген көркөм мурас болгондуктан аны окутууга карата мамиле кылдаттыкты жана чыгармачылык менен иш алып барууну талап кылмакчы.

**Адабияттар:**

1.Башталгыч класстардын программалары. - Б.: 2000-2010. 14-15-б

2.Муратов А., Акматов К. Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаңы технологиялары. –Б.: 2022, 249-б

3.Рысбаев С., Ибраимова К., Абдухамидова Б. Адабий окуу.4-класс. – Б.: 2015

4.Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. –Б.; «Мектеп» 1991